| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**БОЛОТ МАМБЕТОВ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**БОЛОТА МАМБЕТОВА** |

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын VII сессиясы**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 29-январы №7** **Төрт-Күл айылы**

**Болот Мамбетов айыл аймагынын тарых жана маданият эстеликтерин изилдөө, коргоо, күтүү жана айыл жергесинде улуттук маданияттын, искусствонун, каада салттын өнүгүшүн камсыз кылуу иштери боюнча комитетинин кайрылуусун кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык Болот Мамбетов айыл аймагынын тарых жана маданият эстеликтерин изилдөө, коргоо, күтүү жана айыл жергесинде улуттук маданияттын, искусствонун, каада салттын өнүгүшүн камсыз кылуу иштери боюнча комитетинин кайрылуусун угуп жана талкуулап, жергиликтүү Кеңештин сессиясы **ТОКТОМ кылат**:

1. Билим берүү тармагына эмгеги сиңген, Кыргыз Республикасынын Эл Агартуунун отличниги, белгилүү инсандар, мамлекеттик сыйлыктардын ээлери, ардактуу ардагерлер Урмамбетов Жакшылыктын, Белекова Акылжандын, Урмамбетова Жымыйдын, Амантур Тенти уулунун сүрөтү Эшперов айылындагы "Эстелик панорамасына" илинсин жана ал жөнүндөгү материалдар комитетте сакталсын.

2. Бул токтомдун аткарылышы тарых жана маданият эстеликтерин изилдөө, коргоо, күтүү жана айыл жергесинде улуттук маданияттын, искусствонун, каада салттын өнүгүшүн камсыз кылуу иштери боюнча комитетинин төрагасынын милдетин аткаруучу депутат Р.М.Белековага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов жергиликтүү Кеңешининин мандат, закондуулук, мыйзамдуулук, мамлекеттик жана коомдук тартипти сактоо, этика жана диний иштер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Жунушалиев**